1694

ПАПКА ДЛЯ БУМАГ

Материалы о происхождении
о родоплеменном делении киргизов.
(Материал, собранный в р-не
Джалал-Абадской обл. мл. н. сотр.
Д. Айтмамбетовым)

1694

Инв. №
1694.

1694

Материалы о происхождении и родоплеменном делении киргизов. (Материал собран в р-не Джалал-Абадской обл. мл. н. сотрудником Д. Айтмамбетовым).
1955 г.

94

# ПАПКА
ДЛЯ
# БУМАГ

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1694
22/X-55 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Материалы о происхождении и родаплемении киргизов, собранные из уст стариков мл. научным сотрудником института истории Академии наук Киргизской ССР Айтмамбетовым Дуйше, в районах Джалал-Абадской области в мае–июле 1955 года, в 16^ти (шест~~идесяти~~надцати) страницах.

Сбор произведен мл. н/сотр. Отдела истории АН Кир. ССР летом 1955 г. б. Айтмамбетовым Дуйше.

ЗЭЖ -



√Кыргыздын таралышы жөнүндө легенда. √Адал (агасы) жана Мансур (карындашы) деген эки бир туугган болгон экен. Адал дан ак, Мансур да ак" деп экөө алмак-салмак айтып, эл кыдырып жүрүшкөн экен. Молдолор: буларды карасаң, өздөрүн акка теңешет, экөөнү тең өрттөп туруп, күлүн дайрага салып жибергиле - деп, буйрук берет. Бул буйрук аткарылат. Дарыянын үстү ак бармак көбүк болуп, андан да: Адал да ак, Мансур да ак деген үн чыгат. Ал көбүк агып жүрүп олтуруп, ал дайрадан бөлүнгөн бир арык менен барып, хандын кыздар сейилдик кылып жаткан ордосундагы көлчөгө барып куят. Анда шапар тээп жаткан √кырк кыз көлчөнүн үстүндө калкып турган ак, кызыл көбүктү көрүшүп, андан ар бири бирден тилине тийгизип жалашат.

Мына бул окуядан кийин арадан белгилүү убакыт өткөн соң, күндөрдүн биринде кыздардын бирөө айтат: менин ичимде бир нерсе билинип калды - деп. Анда башкалары жана хандын кызы да ошону айтат.

Кыздар мына мындан шектенишип, эч ким билбей турган ээн жерге кеткилери келишет. Ээн тоога, салкын жерге барып жашайбыз - деп, бир гана тайганды ээрчитип алып кетишет. Мына мындан

улам ит кыргыз деген сөз айтылып кал-
ган.

Кырк кыз мына ошол эч жердеги тоо
арасында жатышып, баары тең торойт.
Ал жер Ош боюнда, Гулчо тарапта болгон
деп болжолдонот. Ал кыздарга тамак
жеткирилип берилип турат. Кыргыз
мына ошол кырк кыздан таралган,
мына мындан келип кыргыз деп аталып
калган болуу керек дешет.

Ал эми оң, сол деп аталып калышы:
ал кыздардын балдары чоңойгондо ханга
(хандын кызынын атасына) келишет. Алар-
дын 20сы хандын оң жагына, 20сы хан-
дын сол жагына олтурушат. Оңдор жана
солдор деген мына ошондон улам келип
чыккан.

Солдордун аталарын Акбуура койгон.
Азыр да алар ~~ошол~~ Акбуура дарыясынын
баш жагында турушат. Оңдордун атасын
Жанкорооз койгон. Алар да ошол жерде
турушат.

Жанкороздон Адигине, тагай деген эки
уул туулат. Адигинеден: Карабагыш, Тилеке
таралат. Карабагыштар: Өзгөн, Совет, Мыр-
заке, Толойкон райондорунда турушат.
Тилекеден Алымбек датка чыгат. Анын
тукумдары Гулчо ороонун, Коргошун, Оштон
арқы Айкол, Койкол деген жерлерди жер-
дешет.

Тагай Адигине менен тагарынына кетип, Чаткалга көчүп жөнөйт. Тагайдан: Кылжыр, Богорстон, Койлон дегендер туулат. Бул жерден булар жер куушуп болунушуп кетишет. Кылжыр улуу Кемин, кичи Кеминге карап кетет. Мындан Сарбагыштар жана бугулар таралат. Богорстон Суусамыр, Таласка кетет. Мындан солтолор таралат. Койлон Чаткалда калат. Андан жедигер уруусу келип чыгат.

Тагайдын кичи аялынан Карачоро деген уулу болгон. Ал аялын өзбектен алган. Анын боюна болуп, торой элегинде Тагай баласына эстелик калтырып, элине кетип калат.

Аялы торойт. Атасынын айтып кетүүсү боюнча Карачоро коюлат. Карачоро эр жетип чоңойгондо атасын издеп жөнөйт. Ал жолдо келе жатканында бир бала кезигет. Карачоро андан: сен кимсиң, кайда бара жатасың? деп сурайт. Анда ал бала: мен бир жүргөн селсаякмын, бараар да жерим жок - дейт. Андай болсо, жүр, мени ээрчигин - деп аны ээрчитип алат. Карачоронун азыгын көтөрүшүп, жолдон дагы бир бала ээрчий келет.

Ушул кезде Тагай Жалал-Абаддын тегерегинде турган болот. Тагай Карачоронун ээрчий келишкен селсаяк балага Саяк болсун, тигил азыгын көтөрүшүп келген баланын аты Азык болсун деп ат коёт.

Карачоро Намангандын үсту жагына
жердөөгө кетет. Андан кокум деген уруу
таралат. Азыркы Караван, Ала-Бука деген
райондордо кокум деген уруу бар. Ал
кокумдун Карамонок деген бир уулу
Жалал-Абаддын курорту турган жердеги
Азирет айылга келет. Ушул жерди жерден
туруп калат. Анын атасы Кокум болгон-
дуктан, андан таралгандар Кокум багыш
деп аталып калышат. Кокумбагыштар
Сузак жана Октябрь райондорунда бар.

Саяктар эң мурда мына ушул Кок-
Арт оронунда жашашкан. Азыр алар Ток-
тогул, Үч-Терек, Тогуз-Торо, Жумгал, (мурдагы Ачы) район-
дорунда жана аркы Көл жакта да жаша-
шат.

Азык уруусу да мурда ушул Кок-Арт оро-
Азыр Кочкордо турушат.
нундо турушкан.

Булардан башка да:
Ондон бул жогорудагылардан башка да:
найман, кангы, кызыл аяк, кыдырша, ожубак,
тобой, чокмор уруулары бар. Булар түз эле
кырк кыздан таралышат.

Наймандар— Октябрь районунун Ленин
атындагы колхозунда, Анжиян областынын
Асаке районунда, кангылар— Сузак р-нун
Барпы с/советинде, кызыл аяктар— Сузак
районунун Чокой-Добо с/советиндеги Хрущев
атындагы колхозунда, Анжиян областынын
Асаке р-нда, кыдыршалар— Сузак р-нун Ак-
Мечит, Кара-Дарыя, Чаңгыр-Таш деген жер-
лерде, ожубак, тобой, чокмор уруулары— чангетте (Сузак
р-нун Барпы с/советинде) турушат.

Эмки сөз солдор жөнүндө. Солдордун атасы Акбуура болгон дедик. Алар мурда Оштун боюнда турушкан. Акбуурадан: сару, күтчү, мундуз, чоң багыш, каман, басыз, керки тамга, кылыч тамга, кара кына, кара чолок, матберек, кудайдат, байсогуз деген таралганы.

Сарунун бир азы ушул Октябрь р-нун Кара алма деген жеринде, ~~Жаңы-Жол районунда~~, көбү Кол тарапта турушат.

Күтчүлөр Сузактагы Ак-Башта, Анжиян областынын Пахта-Абад р-ндагы Кокон кыштактын баш жагында, Ленин р-нун Кооken, Жаңы-Арык деген жерлеринде бар. Күтчүлардын көпчүлүгү Таласта, Ысык-Көлдө, Нарындын баш жагында жашашат.

Мундуздар Арсланбабдын алды жагындагы Кара-Үңкүрдө, Ачыда, Базар-Коргон, Ленин, ~~Ата~~ Чаңгырташтак турушат.

о ———— о

Бул жогорудагы материал Солтонкулов Сулайманкулдан жазып алынды. Анын жашы 92 де, улуту кыргыз, көкүм багыш уруусунан, кат билбейт.

Адреси: Жалал-Абад областы, Октябрь району, Кашка-Терек с/совети, Калинин атындагы колхоз.

х х х

Өзгөн

Хандын ордосундагы кырк кыздын боюна бүтүп калат. Булар жубан болуп калды, кырк күн кайсы жерге барганда бүтсө, буларды мына ошол жерге алып барып таштагыла - деп хан буйрук берет. Хандын буйругу аткарылат. Азыркы Өзгөн деген жерге келгенде кырк күн бүтөт. Ушул жерде алар төрөп, тукуму өсөт. Мына ошол ~~өзгөн~~ "өскөн" деген сөздөн улам "Өзгөн" деп айтылып калган дешет.

Ал кырк кыздын биринин уулу Ак уул деген болот. Андан эгиз төрөлөт. Аларга ат коюуда энеси айтат: оң бөйрөгүм жагында жатканы "Оң" болсун, сол бөйрөгүм жагында жатканы "Сол" болсун, - дейт.

Кырк кыздын биринин баласы Куу уул деген болот. Андан Кыпчак деген төрөлөт. Кыпчак уруулары мына ошондон таралат.

Солдон: Мундуз, күтчү, саруу, кытай.

Оңдон узун калпак Моңгуш бий. Мындан: Адигине, Тагай, Наали эже.

Адигине, Тагай Анжиянды, Алайды жердешкен. Жоо таарынышка кетип, Тагай Кетмен-Төбө тарапты көздөй көчүп жөнөгөн. Адигине Эреше ханга барып, инимди токтотуп бергин деп өтүнөт. Эреше хан Тагайды токтотуш үчүн жигиттерин (вазирлерин) чаптырат. Алар Тагайга Кең-Колдун оозунан (Көк-Арттын алкым жагы) жетишип, аны карман алып кетишет. Тагайдын көчү болсо, Коңур-Өгүзгө (азыркы Үч-Терек районунда)

келип коноп.

Тагай кочо качкан айбы үчүн күндүз бош, түнкүсүн камалып коюлуп, Эреше хандын колунда турат. Ал күндөрдүн биринде чечинип салып бит карап олтурганын Эреше хан көрүп калып: Тагай жүдөп кеткен экен, ордодогу кыздардын бирин ага аялдыкка алып бергиле, - дейт. Күндөр өтөт... Аялынын боюна бүтөт. Тагай мен барып көчүп келейин деп Эреше хандан сурайт. Кетеринде аялына мындай деп айтат: эркек төрөсөң, атын Кара чоро койгун, кыз төрөсөң өзүң билгин. Эркек төрөлсө, мына бул белекти балама бергин. Мени издеп чыгыш тарап-тан таап алсын, - дейт.

Тагай кайрылып кайра келбегенден кийин, анын аялын Эреше хан Узун Сакал Мышык дегенге (Аравиядагы калпа элинен) алып берет. Андан Азык жана Саяк деген балдар төрөлөт.

Кара чоро жыйырмага, Саяк он бешке, Азык он үчкө чыгып чоңоюп калышканда, күндөрдүн биринде энеси Кара чорого мындай деп сырын айтат: мына бул эки иниңди эрчитип алып, өз атаңды тапкын, Узун Сакал Мышык болсо, кыноосунан кутулуп, өз элине кетти, ал силерге ата болбойт. Сенин атаң Тагай деген, ушул чыгыш тарап-тан табасың. Мына сага берип кеткен белеги! Сен бул инилериңдин ачык жообун айт-па: бирөө жолдо жүргөн селсаяк экен, эрчитип алдым. Тигиниcине болсо, азыгыңды көтөртүп келдим деп койгун, - дейт.

Балдар Чыгыш тарапты карап, атасын издеп жөнөшөт. Азыркы Пишпек жакка бир жондо Тагай жайын куруп олтурган жерде Кара чоро атасын табат. Тагай: бул баланы кул дебегиле, өзүмдүн балам-деп, элге айтат. Ал жерде той берип, берки эки балага да Саяк, Азык болсун деген аттарды коюшат. Ошентип бала атасын табат. Саяктан: каба жана одочекти.

Кара чородон багыш уруулары таралат. Багыштар азыр Токтогул районундагы Узун Акматтын боюнда, Жаңы-Жол районунда, Намангандын бүткүл үстү жагында турушат.

Тагайдан андан башка Кылжыр, Богорстон, Койлондор таралат.

Кылжырдан: Дөөлөтбак, Орозбак дегендер. Дөөлөтбактан-бугу, Орозбактан-сарбагыш.

Богорстондон солто таралат.

Койлондон – жедигер. Булар түндүк жак-та жер-жемиши жок экен-деп, бул төмөнгү Майлы-Сай жакка келишет.

Адигинеден Алымбек датка.

Наали эже эр тандап жүрүп, араб эли-нен келген Коко, Шайыр деген жигиттердин кокосуно тиет. Наали эжеден моңолдор тарайт.

о————о

Жогорудагы материалдар жазылып алынды: Кубатбеков Чапраштын, 91 жашта, кыргыз, саяк уруусунан, кат билбейт. Рев-дан мурда бийлик ишине катышып жүргөн: 14 жыл бий болгон. Азыр Токтогул районунун Бел-Алды с/советинде турат.

x x x

## Кыргыздардын чыгышы жана таралышы жөнүндө.

Төмөн-төмөн жакта илгери-илгери бир заманда бир кыргындуу уруш болгон экен. Ал согуштан 100 киши аман калган. ~~..~~ Мухамбет байгамбардын ордуна сурак жүргүзүп турган азирет Өмүр падышага келишет. Бизди эл кылып алсын деп андан суранышат. Бул жерде жер тар, кенен жерге кеткиле — деп Өмүр падыша (ал Мекке жакта турган экен) аларга кеңеш берет. Алар азирет падышанын алдында элүү, элүүдөн болуп эки топко бөлүнүшөт. Бир тобу азирет падышанын оң жагына, бир тобу сол жагына олтурушат. Азирет падыша оң жагымдагылар „Оң" деп аталсын, сол жагымдагылар „Сол" деп аталсын, — дейт. Алар ал жерде катрадан аралашып туруп, эки топко бөлүнүшүп, эки тарапты карап жөнөшөт. Кыпчак баштаган элүү адам Кокон чекте турган Ирежа ханга келет. Түрк баштаган элүүсү төмөн жакка түзгө түшүп кетет.

Мына ушул кезде Ирежа хан ордосунда бойуна бүтүп калган кырк кыздан эмне кылаар айласын таппай турган болот. Ирежа хан кырк кызды ошол адамдарга берет. Алардын ону экиден, жыйырмасы экиден (бирден) кыз алат. Мына мындан улам мусулмандар биз отуз уул, кырк кыздан тараганбыз деп калышат.

Ал кырк кыздын бойуна болуп калышы мындайча болгон экен. Алардын ичинде Анал

деген кыз болгон экен. Ал күндө кечинде, кыздар жаткандан кийин кайдадыр бир жакка чыгып кетүүчү экен. Башка кишинин чындыкты айтып келишине ишенбей, Ирежа хан ал кыздын иниси Мансурду артынан аңдытып жиберет. Анал күндөгү мезгилинде чыгып алып, жүрүп олтуруп бир зоого барат. Анал зоого жеткенде зоо шарт ачылып кетип, Анал анын ичине кирип кетет. Мансур тышта олтуруп калат. Тышка бир адам келип калды деп билип, ал зоонун ичиндеги кырк чилтендин (арбактардын) бири олуялардын арбагы Антахур шарапты бир кесеге алып чыгып, Мансурга берет. Мансур аны ичип жибергенден кийин эки дүйнөнү бирдей көрүп калат.

Түн жарымы оогандан кийин зоо шарт ачылып, Анал чыгат. Мансур Аналдын артынан көрүнбөй жүрүп олтурат. Анал келип ордого кирип кетет.

Эртеси болот. Ирежа хан Мансурдан көргөн билгендерин айтып берүүнү сурайт. Ал болгон ишти бурбай-тербей бүт айтып берет. Мунун жалган айттың деп, Мансурду да, Аналды да өрттөтүп, күлүн дайрага салдырып жиберет. Дайранын үстү көбүктөп: Анал да ак, Мансур да ак деген үн чыгып агып кетет. Ал көбүктөр дайрадан хан арыкка бөлүнүп, ал аркылуу агып жүрүп олтуруп, хандын ордосундагы көлгө барып куят. Эртең менен ал көлгө сейилдикке келген хандын ордосундагы кырк кыз көлдөгү кызыл, ак көбүктөрдү

корушөт. Алар Анал да ак, Мансурда ак, мен да ак деген үндөрдү чыгарышат. Алардан бирин кыздардан бири чыбыктын учу менен өзүнө тартып алып, бул эмне көбүк болду экен деп жаласа, өтө ширин, аны баары жалашат. Мындан кыздардын боюна болуп калат. Алардын боюна болгонуна алты ай болгон кезде жогору жакта биз айткан Кыпчак баштаган элүү адам Ирежа ханга келип калышат. Ирежа хан ал боозуган кыздарды мына ошол адамдарга аялдыкка берип кутулат.

Кыпчак алган кыздан биринен Жендей Сары деген, экинчисинен Айтпай дегендер төрөлөт. Жендей Сары барынан тың чыгып, акырында хан болот. Үчүнчү бир кыздан Алаш, дагы биринен улуу жүз, дагы биринен орто жүз, дагы биринен кичи жүз, дагы биринен Ногой, дагы биринен Өзбек, дагы биринен Тажик төрөлөт. Кырк кыздын дагы биринен Шады бий деген туулат. Шадыбийден Саяк, Толобийден Азык, Тагайдан Кара чоро ~~чор~~ төрөлөт.

o ——————— o

Жогорудагы материал жазылып алынды: Молдомуса Токтогулов, 81 жашта, кыргыз, саяк уруусунан, кат билбейт. Азыр Үч-Терек районундагы Кызыл-Өзгөрүш с/советинин Чолпонбай атындагы колхоздо турат.

× × ×

Манастын сүрү, Алабоко ханды жеңип алышы жана кыргыздардын Талас менен Чүй бооруна келиши. Манас кең Кашкар Кебез тоо деген жерде туулат экен. Атасы Жакып хан. Манас алты жашында эле өзүнүн эрдиги менен Алабоко деген калмактын ханына угулуп калат. Ал: „сүйсө чоро кылып аламын, сүйбөсө башын аламын" деп айтып баргыла – деп өзүнүн вазирлерин жиберет. Муну уккан атасы Жакып хан ал жерден көчүп жөнөйт.

Алабоконун желдеттери жете келип, Манасты таап бер деп Жакып ханды желдеттер уруп жатканын Манас көрүп, эмне үчүн тигилер атамды уруп жатышат? – деп энесинен сурайт. Энеси айтпай коет. Анда баласы: эне, эрмек кылайын, буудай куурул берчи? – дейт. Куурулган ысык буудайды энесинин алаканына кошо кыса кармап туруп алып, эми айтасызбы, тигилер эмне үчүн атамды уруп жатышат дегенде, энеси чынын айтып жиберет.

Ачуусу абдан келген Манас ат үстүндөгү айбармачын алып ыргытканда бута атым барып түшкөн экен. Ал жайдак ат менен желдеттерди көздөй жөнөйт. Желдеттер Манаска бет бага алышпай, Манастын артынан Алабо~~конун~~ хандын ордосун көздөй эрчип жөнөшөт. Манас ордого жакындаганда анын алдына ажыдаарды кое берет. Ал Манастын айбатынан сары жылан болуп ийрилип, кайра тартып ордого кирип кетет. Манас ордого кирип бара жатканда ага каршы жолборсту кое берет. Манас ачуусу келип аны караганда, жолборс мышык болуп миялап, тамдын үстүнө чыга качат. Манас, мына ошентип, ордого кирип барат.

Өөдө кеткен кербендин,
Мунун малын туташ жеп,
Ылдый кеткен кербендин,
Мунун малын туташ жеп,
Алабука хан чыккан
Өкүмү журттан зор чыккан, — деген
ханды Манас баш кыйдырып алат.

Манас жүз доонун балдарын курөштүрүп олтуруп, алардын кыйындарынан он чоро жыят. Аларды курөштүрүп, барын жыйкажыят. Ошентип, Манастын вазир кылып алат. Өзүнө кырк чоро жыят. Жоо чаап, жер көрүп жүрүп, Таласты, Чүйдү көрөт.

Этеги Талас, башы Чүй,
Жер соорусу турбайбы,
Жерлеген кыргыз түнбайбы — деп, кыргыздарды кең Кашкар Кебез тоодан, Анжияндан, Кокондон көчүрүп келип, Чүй менен Таласка жыят.

Кыргыз эли Манастан мурда Енесейден тарап кетишкен экен — деп карыялар айтышаар эле. Айткени, кыргыздар өзүнчө бир хан боло алышпай, ар кимдерден запкы жеп тарап кетишкен болуу керек дешет.

Эң түбү кыргыз хан,
андан кийин кыргыздан,
андан кийин Малахан,
Малахандан тараган.
Андан кийин хан Жакып,
Хан Жакыптан хан Манас. Хан Жакыптан
аялы Чыйырды калмак кызы болгон.

o———o

Жазып алынды: Жакеев Арзыкулдан, 64 жашта, кыргыз, саяк уруусунан, 1929-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Кат билб.
Адреси: Үч-Терек р-ну, Үч-Терек селосунда турат.

x x x

Уруулар жөнүндө. Кенжебай, Чаңгыл деген экөө
бир тууган экен. Булар
Алайда жашашкан. Алайда ошол Кенжебайдын
балдары кенже деген уруу бар. Кенже Кенже-
байдын улуу катынынан. Кичи катынынан
Тогузбай экен. Чаңгылдан Чуко экен. Чуколор
мына ушул жерде, „Октябрь" колхозунда туру-
шат.

Калмактар жөнүндө маалымат. Ушул жер-
де кандай черектер жашашкан дейт. Алар
бир кездерде ушул жерлердеги кыргыздарды
кууп жиберип туруп калышкан экен. Алар-
дан мурда бул жерде калмактар да жаша-
кан дешет. Ал жөнүндө мындай деген айтуулар
бар:

Торо жана Карабаш деген калмактын
эки доосу болгон экен. Ал экөө кыргыздын
бир сулуу кызын сүйүп, ~~калган~~ талашып
калышкан экен. Кыз аларга айтыптыр:
экөөң сайышкыла, кайсыл жеңгениңерге ти-
йемин. Экөөнүн сайышында калмактардын
далайы кырылып, алардын күчү кетет. Мына
ошол учурдан кыргыздар пайдаланып, аларды
бул жерден кууп чыгыштыр.

Кетмен-Тобо тарабыбыздагы Айыктын
суусунун боюнда мүрзө окшогон дөбө-дөбөчө
жерлер бар. Ал дөбөчөлөрдүн бирин казганда
бир пиала (чыны) чыгыптыр. Ал калмактар-
дан калган дешет.

о ——— о

Бул жогорудагы материал төмөнкү адамдан
жазып алынды: Осмонаалы Кулмурзаев, 78 жашта,
кыргыз, кенже уруусунан, арабча окуп жана жаза билет.
Адреси: Жаңы-Жол району, „Большевик" колхозу.

х х х

Уруулар. Бул Ала-Бука районундагы уруулардын көпчүлүгү багыш. Багыш: көк көз, көк моюн, ак койнок, күтүк сейт, тос кулу, барым багыш, чике деген уруктардан турат.

Кытай — буга: сары кытай, ак тондуу кытай, кара мыкты кытай, керкеней — булар Ала-Букадан башка Чаткалда, Талас жакта турушат.

Сару, мундуз — булар 5-6 түтүнчө бар.

Кыпчак — буга: кызыл кыпчак, тору айгыр кыпчак (Өзбек ичинде буудай деген кыпчактар бар) деген уруктар кирет. Булар Ала-Букада 25 түтүнчө бар. Кыпчактар Чаткалда да 30 түтүнчө бар.

Монгол — бул ак төбө, сүйрү баш, келегей, самарчык, согу, баймонор, сейтказы, кул соок, чарыктар, чолок туума деген уруктарга бөлүнөт. Булар Ала-Букада элдин жарымын түзөт.

Калмактар жөнүндө. Бул жерде калмактар болгон дешет. Мисалы, Намурут деген каапыр калмак Касендин үстүндө Мык деген коргонду салган дейт. Бузук деген да коргон бар. Аны Ашы Мулук салган дейт. Бул коргондун үстү менен араба жүрө алат. Ал тоңрак, таштан салынган. Касенде Калмак арык деген чоң арык бар.

o————o

Бул жогорудагы жазылган сөздөрдү Стамов Сеит деген айтып берди. Ал 76 жашта, Багыштын ичиндеги көк көз уруунан, кыргыз кат билбейт. Азыр Ала-Бука районундагы „1-Май" колхозунда турат.

× × ×

Арт. 1064.
Цена 1 р. 45 к.
13-я журнальная
типография
Главполиграфпрома
г. Москва